# Узун болсун апалардын өмүрү

Сөзү: Кайырбүбү Чолпонкулованыкы,
Обону: Туратбек Дүйшеевдики,

Алтыным деп айтсам аз го апамды,
Мен көрбөйүн кабагыңдан капаңды.
Кечир апа тентек кыял катамды,
Ыйык тутам аруу тилек батаңды.

Бактылуумун маңдайымда апакем,
Өзүң барда тар дүйнө да мага кең.
Бүт жер шаарын төрт айланып чыксам мен,
Табалбаймын артык нерсе сага тең.

Бирдей көргөн баарыбызды тегизим,
Апам барда жарабайтко кейишим,
Чырпыктарың чынар терек жемишиң,
Эки дүйнө бактыбыз сен бейишим.

Аалам сыйган тоодой апа жүрөгү,
Гүлдөй жайнап чөкпөсө экен көңүлү.
Сенин сүйүүң сактап турат дүйнөнү,
Узун болсун апалардын өмүрү.